| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ТОҢ РАЙОНУ**<br>**АК-ТЕРЕК АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**<br>**КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТОНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**АК-ТЕРЕКСКОГО**<br>**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА** |

**Эл депутаттарынын VII – чакырылышынын XXV – кезексиз сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2023-жылдын 29-сентябры № 11 Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын бюджетинин 9 айында транспорттук каражаттарына мүлк салыгынан жана жанаша, короо жай жана багбанчылык-огород жер участокторуна мүлк салыгынан жылдык пландан ашык түшкөн акча каражатын кароо жөнүндө**

Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын бюджетинин 9 айында транспорттук каражаттардын мүлк салыгынан пландан ашык түшкөн 67,0 миң сом жана жанаша, короо жай жана багбанчылык-огород жер участокторуна мүлк салыгынан жылдык пландан ашык түшкөн 99,1 миң сом акча каражаты жөнүндө Ак-Терек айыл өкмөтүнүн башчысы Т.А.Калыковдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Ак-Терек айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын бюджетинин 9 айында транспорттук каражаттарына мүлк салыгынан пландан ашык түшкөн 67,0 миң сом Дөң-Талаа айылында долбоор менен ишке ашып жаткан сулуулук салонуна долбоордун шарты боюнча өздүк салым катары материалдарды алууга ЖКХнын 2222 беренесине каралсын.

2. Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын бюджетинин 9 айында жанаша, короо жай жана багбанчылык-огород жер участокторуна мүлк салыгынан жылдык пландан ашык түшкөн 99,1 миң сом акча каражатынан Кара-Коо бала бакчасына тамак бышыруучу печка алууга 3112 беренесине 63,8 миң сом, 2222 беренесине материалдарды алууга 27,3 миң сом каралсын.

3.Токтомду аткаруу жагы, Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмдүн башчысы К. Абдыраевге жүктөлсүн.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын айылдык кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Э.Т. Үсөновго милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.А. Мамбетов**

**Жооптуу катчы** **М.Б. Эсеналиева**